Ысмайыл Кадыров

# ТӨРТ ТУЛУК



УДК 373
ББК 74.10
К 13

**Кадыров Ы.**
Төрт түлүк. – Б.: Кыргыз китеп 2017 – 54 б.
ISBN 978-9967-442-191

Ысмайыл Кадыровдун бул ыр жыйнагы кенже балдарга арналып, төрт түлүк малдын түрлөрү, аталышы, жашы, малдан алынуучу азыктар ж.б. жөнүндөгү ырлары топтолду. Автор бул ырларында мал жөнүндөгү көптөгөн маалыматтарды бир жерге топтоп, балдардын таанып-билүүчүлүгүн өнүктүрүүгө, дүйнө таанымын калыптандырууга, көркөм ой жүгүртүүсүн машыктырууга аракеттенет, эне тилди мыкты үйрөнүүгө үндөйт.

К 430500000010

УДК 373
ББК 74.10

ISBN 978-9967-442-191

© Кадыров Ы., 2010



# ТӨРТ ТҮЛҮК

Төрт түлүк же мал делет,
Жылкы, уй, төө, кой-эчки.
Берет булар адамга,
Жүн, кыл, тери, сүт, этти.

Торпок, өгүз, кунаажын...
Уйдун түрү – бодо мал.
Кой-эчкиден башкасы,
Уй, төө, жылкы – кара мал.

Топоз деген жаныбар,
Бийик тоону мекендейт.
Биле жүргүн аны да,
Бодо малдан экен деп.

Кой-эчкини көбүнчө,
Майда жандык деп коёт.
Барган адам жайлоого,
Төрт түлүккө кез болот.

## ПИРЛЕРИ

Колдоочу деп эсептеп,
Ыйык көргөн аябай.
Ар нерсенин пири бар,
Малдын пири – Малабай.
Жылкы пири – Камбар Ата,
Төөнүн пири – Ойсул Ата.
Уйдун пири – Зеңги Баба,
Койдун пири – Чолпон Ата.
Топоз пири – Ак мүйүз,
Эчки пири – Чычаң-Ата,
Кээде айтылат - Шыйпаң Ата.

## КҮЛҮГҮ, КҮЧТҮҮСҮ

Уй күлүгү Шүдүңгүт,
Төө күлүгү Желмаян.
Жылкы күлүгү – Тулпар,
Жарышта артта калбаган.
Ат күчтүүсү – Дулдул,
Чарчабаган, талбаган.



# ТӨРТ ТҮЛҮКТҮН ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ


Төөдө - өркөч,
Уйда – мүйүз,
Жылкыда – жал.
Койдо – куйрук,
Эчкиде – чычаң,
анан да сакал.
Топоздо болсо тоодо өскөн,
Мүйүз да бар, жал да бар.
Төрт түлүктү айырмалаган,
Өзгөчө белгилери алар.

## ТУБАРЫ, СУБАЙЫ

Тууй турган малды,
Тууй элек кезинде,
Бооз экен деп коёт,
Болсун ушул эсиңде.

Байый элек кезде – саан.
Төлдөөчү мал – тубар.
Эт, жүн үчүн багылган,
Биттелген мал – субай.

Тууй турган жылы,
Туубаган мал – кысыр.
Айылда өскөн бала,
Аны билет шыдыр.



# ТӨӨ

Курсактагы баласын,
Он эки ай көтөргөн.
Суу ичпестен кырк күнү,
Маң-маң басып көшөргөн.

Төө баласын бото дейт,
Туулганда жаңыдан.
Тайлак атай башташат,
Аны алты айынан.

Бир жашында тай тайлак,
Өсө берет тайтаңдап.
Кунан тайлак эки жаш,
Бою кетет асмандап.

Үч жашында бышты төө,
Асый төө дейт төрт жашта.
Анан эки, үч ... асый деп,
Айтат кошуп бир жашка.

Төө жаңы тууганда,
Жоолук салат башына.
Жентек берет ээси,
Кубангандан чачыла.

Айры өркөчтүү төө бар,
Тоолуу кыргыз жеринде.
Кырк-элүү жыл ээсине,
Кызмат кылат келинде.

Сыңар өркөч төөнү,
Нар төө де көрүнсө.
Лөк деп коёт эркегин,
Биздин элде көбүнчө.

Бууржун делет эркеги,
Беш жашында буркулдап.
Андан ары – буура,
Чуркап турат дуңкулдап.

Ургаачысы – каймал,
Беш кар басып калганда.
Андан ары иңген дейт,
Мурда укпасаң таң калба.

Бычылган төө - атан,
Анын мурду көзөлөт.
Тоолуу жерде көчкөндө,
Тоодой жүктү көтөрөт.

Узун болот моюну,
Чоргоо сымал койкоюп.
Кыска келет куйругу,
Кесилгендей чолтоюп.

Өң-түсүнө жараша,
Акбуура же Каранар.
Чөптөй жеген тикенди,
Төөдөй чанда жаралар.



## ЖЫЛКЫ

Кол карабай кышында,
Карды тээп оттогон.
Чанда гана жатпаса,
Турган бойдон уктаган.

Он бир айга көтөргөн,
Курсактагы баласын.
Качан болсо кашектеп,
Жеген чөптүн тазасын.

Мал асылы – жылкынын,
Кулун – жаңы туулганы.
Жарым жашта жабагы,
Тай – бир жашар убагы.


Эки жашта – кунан,
Ургаачысы – байтал.
Ушул жаштан тубарын,
Бээ деп айта баштайт.

Үч-төрт жашта – бышты,
Асый болот анан.
Андан кийин эсептейт,
Асый менен жалаң.

Алтымыш асый болгуча,
Алдан-күчтөн тайбаган.
Аттар болгон турмушта,
"Ат чабыштан" калбаган.

Айгыр делет эркеги,
Бычылганы ат болот.
Бир үйүргө болжолу,
Он-он беш бээ топтолот.

Үйрөтүшкөн мингенге,
Чалпоо, азоо тайында.
Чыйрак балдар чымылдап,
Ойноп турат жалында.



## УЙ

Тогуз айда туулган,
Музоо – уйдун баласы.
Жүүнү бош сөлдүрөп,
Алсыз болот чамасы.

Жарым жашка жеткенде,
Ургаачысы – моюнча.
Тана аталып эркеги,
Оюн салат оюнча.

Бир жашында тай торпок,
Ноопаз – эки жашары.
Букачар деп бул кезде,
Болуп турган убагы.

Бышты ноопаз – үч жашта,
Бука – андан аркысы.
Бычылганы күч унаа,
Асый өгүз – жалпы аты.

Ургаачысы бир жашта,
Аталат тай кунаажын.
Эки жашта кунан дейт,
Үч жаш бышты кунаажын.

Андан ары – саан уй
Инек деп да коюшат.
Өлөңдүү жер уйларга,
Мыкты жайыт болушат.



## ТОПОЗ

Тогуз ай бойдо көтөргөн,
Топоз баласы мамалак.
Бийик тоону мекендеп,
Энесин ээрчийт сабалап.

Эки жашта ноопаз,
Ургаачысы кунаажын.
Бышты, асый деп атайт,
Андан аркы убагын.

Бука болот эркеги,
Инек делет тубары.
Букалары өркөчтүү,
Тоолор болот турагы.



## КОЙ

Кой баласы – козу,
Туулганда жаңыдан.
Тойполоңдоп чыкпайт,
Энесинин жанынан.

Кээ бир кой жолотпой,
Өз баласын жерийт.
Анын сырын билгендер,
Заматта эле телийт.

Алты айда – шишек,
Кыш туулганы – күрпөң.
Муну жакшы билесиң,
Мал менен жүрсөң.

Бир жашынан борук,
Ургаачысы – токту.
Кысыр калды дейт кээде,
Билбегендер жокпу?

Эки тишти – эки жаш,
Төрт тишти дейт үч жашта.
Ирик делет биттелип,
Караган кой төрт жашка.

Андан ары төгөрөк,
Анан дагы чар ирик.
Биттелбеген эркек кой,
Кочкор болот шаа мүйүз.

Төлдөп турган кой,
Беш жашынан – соолук.
Беш ай козу көтөрөт,
Муну билет тоолук.

Алыс кеткен атагы,
Жооштугу жагынан.
Эӊ маӊыроо, эӊ момун,
Төрт түлүктүн баарынан.

Жапайы кой – аркар,
Кочкору болсо кулжа.
Кой тукуму деп бил,
Окшоштурбай уйга.



## ЭЧКИ

Шыйпаң ата тукуму,
Эчки баласы улак.
Эң сүйүктүү тамагы,
Эрмен менен шыбак.

Бир жашында серке,
Ургаачысы – чебич.
Бир жылда эки төлдөйт,
Болгондо да эгиз.

Айрымдары үч-төрт,
Кээси тууйт бешти.
Бага билсе жакшылап,
Байлык деген эчки.

Нарын облустук
китепканасы
№ 62285 20

Бак-бак эткен бакылдап,
Теке делет эркеги.
Бак-даракты мүлжүп жеп,
Малдын болот тентеги.

Кайберенге айланып,
Кийик болуп кетишкен.
Үйүр албай адамга,
Тоо эчкилер эзелтен.

Чамгарактап куйругу,
Сербеңдеген сакалы.
Айырмасы бир гана,
Болуп калган жапайы.



## ЖҮНҮ

Уяң жана кылчык деп,
Койдун жүнү бөлүнөт.
Жылкынын куйрук, жалынан,
Кыл аркандар өрүлөт.

Кой жүнүнөн көбүнчө,
Түрдүү жиптер ийрилет.
Кездемелер токулуп,
Кийим-кече тигилет.

Жүндөн кийиз уютуп,
Буюм-тайым жасашат.
Коoздоп, жерге салчусун,
Ала кийиз аташат.

Боёп, оюп кийизди,
Уздар шырдак кылышат.
Жээк салып, бекемдеп,
Шоона менен шырышат.

Ак калпакты кыргыздар,
Сыймык менен кийишет.
Ак кийиз жаап боз үйдү,
Жайлоолорго тигишет.

Топоз жүндөн эшилет,
Аркандардын коозу.
Анан дагы токулат,
Эң сапаттуу нооту.

Эчкинин жүнү – тыбыты,
Жылуу деп абдан бааланат.
Төөнүн жүнүн чууда дейт,
Билип алгын дааналап.

Куйрук кылы жылкынын,
Кыл кыякка тагылат.
Мукамдыгы өзгөчө,
Керемет үн жаңырат.



## СҮТҮ

Жаңы тууган учурда,
Малдын сүтү ууз делет.
Кана эмсе жаш төлү,
Чыйрак өсөт, күч берет.

Жаңы саалган учурда,
Бээнин сүтү – саамал.
Келсе кымыз ачыткың,
Көрөңгөсүн таап ал.

Уйдун, төөнүн сүтүнөн,
Кээде кымыз жасалат.
Кой сүтүнүн айраны,
Жуурат делип аталат.

Быштак, сыр, каймактар,
Уй сүтүнөн алынат.
Айран кылып уютса,
Ичсең суусун кандырат.

Баштыкка куюп айранды,
Суусун бөлсө – сүзмө.
Кургатып койсо – курут,
Сорпого кошсо – серке.

Чала берип каймактын,
Суусун бөлүп салышат.
Аны болсо сызгырып,
Сапсары май алышат.

Кой-эчкинин сүтүнөн,
Кайнатылат эжигей.
Сүттөн далай азык бар,
Дагы эңсеп жегидей.



## ТЕРИСИ

Шири – чылгый териси,
Бодо малдын ышталган.
Ээр сынбайт эч качан,
Төө териге капталган.

Жыдытылып, ийленген,
Кайыш – малдын териси.
Чылгый кайыш аталат,
Ийленбеген чийкиси.

Ашатылып ийленген,
Аппак кайыш – булгаары.
Эчки тери ийленген –
Жаргак болот турбайбы.

Төрт түлүктүн териси,
Ат жабдыкка жумшалат.
Ичик болот, тон болот,
Өтүк, маасы ултарат.

Терисинен серкенин,
Ийлеп чанач жасалат.
Идиш кымыз ачыткан,
Сабаа делип аталат.

Жылкы, уй, топоз териси,
Сабаа болот мыкты.
Тармал козу көрпөсү,
Жака болот кышкы.

Кемер курлар кайыштан,
Шөкөттөлүп коздолот.
Добулбастын үнүнөн,
Ырга ышкың козголот.

Көөкөр, көнөк, көнөчөк,
Кыргыздардын идиши.
Эл буюмун балдары,
Милдеттүү да билиши.

# ЭТИ

Мал семизи бааланат,
Эли жана таман деп.
Өлгөн малдын мууздалбай,
Эти желбейт арам деп.

Билип алсаң чоң өнөр,
Малды союп, жиликтеш.
Ар бир сөөктү, эт атын,
Абдан жакшы билип жеш.

Устукандын сыйлуусу,
Уча, куйрук, жамбаш.
Ар биринин ээси бар,
Үй ээси тартчу арнап.

Жылкы казысы – чучук,
Ич эт – карта, карын.
Кесме кошпой чык куюп,
Тууралган эт – нарын.

Олобо болот май кошуп,
Сүт куюлган өпкө.
Бир кесим жесең даамы,
Таңдайдан кетпейт көпкө.

Карын кошуп өргөн,
Кой ичегиси жөргөм.
Сары жүрмө уйдуку,
Жоон ичеги – мөөн.

Баш-шыйракты эзилте,
Бышырсаңар – килкилдек.
Салат болот эң сонун,
Куйкум татып килкилдеп.

Кыя кесип куйрукту,
Коюп жука боорго.
Жесең ширин – куйрук-боор,
Жакшы экенин боолго.


Куурулган эт – куурдак,
Боордон болот быжы.
Мал этинен жасалган,
Тамактар көп чыны.

## СӨӨГҮ

Төрт түлүктүн сөөгү да,
Колдонулган турмушта.
Мүйүздөн  картык жасашкан,
Табыпчылык кылышса.


Койдун жото жилиги,
Балага шимек жасалган.
Каржиликтин укурук,
Илме шиш деп аталган.

Кой-эчкинин чүкөсүн,
Күндө балдар ойношкон.
Ордо ойношкон ал түгүл,
Чоң кишилер кол бошто.
Бодо малдын чүкөсүн,
Доңкей, томпой аташкан.
Сөөктөн мындан сырткары,
Тарак, сөйкө жасашкан.



## МАЛДЫН ТУЯГЫ

Туягына жараша
Мал бөлүнөт экиге.
Жылкы гана ай туяк,
Ойнойт тоонун бетине.
Ача туяк калганы,
Ушуну алгын эсиңе.



## КЕПШӨӨЧҮЛӨР

Карынына тоютту,
Топтоп алып жеткидей,
Кепшеп чыгат түн бою,
Бодо мал, кой-эчкилер.
Күндүз кечке оттогон,
Чөбүн кулгуп кичиден.
Таң аткыча майдалап,
Кайра өткөрөт тишинен.
Жылкы гана кепшебейт,
Төрт түлүктүн ичинен.



## МАЛДЫН ЖАШЫ

Малдын жашын билет,
Кашка тишин карап.
"Эки тишти, төрт тишти..."
Койдун жашын санайт.
Кара малдын жашын,
Асый менен айтат.
Төө менен жылкы,
Алтымыштан ашат.
Уй менен топоз,
Жыйырма жыл жашайт.
Он жети жыл эчки,
Кой он беш кар басат.
Кокус эле союп
салбаса касап.

## МАЛДЫН ТИЛИ

Буурасы буркулдап,
Бото, инген – боздойт.
Уй болсо мөөрөп,
Музоосун жоктойт.
Кой-эчки маарап,
Мекиренет кээде.
Кишенеп жылкы,
Окуранат ээсине.
Айгыры азынап,
Кулун-тай кишенейт.
Тоо-таштa доңкулдап,
Топоз болсо коркулдайт.



## МАЛДЫН МҮЙҮЗҮ

Мүйүз болбойт такыр,
Жылкы менен төөдө.
Кочкорлору мүйүздүү,
Койдо да болот кээде.

Уй менен эчкинин,
Мүйүзү болбосо копол.
Андай малды айтышат –
Мүйүзү жок токол.

Ийри мүйүз болсо көбү,
Тик мүйүздүүлөр да бар.
Бир мүйүзү сынса,
Сыңар мүйүз мал.



## КҮЧ УНАА

Айылдагы күч унаа,
Көлүк – жылкы баласы.
Ар убакта мингич мал,
"Ат – адамдын канаты".

Көчмөн кезде өгүздү,
Топозду да минишкен.
Отун артып, жүк жүктөп,
Тоодо көчүп жүрүшкөн.

Буйлалаган төөнү,
Жип өткөрүп мурдуна.
Жетелеген же минген,
Чүлүк тагып уйду да.

Мине турган төөнүн,
Токулгасы чом болгон.
“Чөк, чөк”,- дешип чөгөрүп,
Жүк жүктөөдө комдолгон.

Ыңырчак – уй токуму,
Арчадан чаап жасалат.
Көмөлдүрүк алдына,
Артына шалаң тагылат.

Тердик салып астына,
Ээрди токуйт атка.
Айырмач деген токум бар,
Балдар үчүн башка.

## МАЛДЫН КЫГЫ

Төө, кой-эчкиники – коргоол,
Кээде кумалак да дешет.
Уйдуку – жампа,
жылкыныкы – тезек.

Малдын кыгын көң кылып,
Отун болот жакса.
Өсүмдүктү өстүргөн,
Жер семирткич чачса.

## МАЛГА ЭН САЛУУ

Мал кулагын кесип,
Эн салат ээси.
Оё кессе бири,
Шара тилет кээси.

Энинен тааныйт,
Жоголгон малын.
Кимдин эни кандай,
Элеттикке дайын.



## ЖЫЛКЫНЫН ЖҮРҮШҮ

Кулунунда, тайында,
Куюн ойноп жалында.
Чуркап турат элирип,
Энесинин жанында.

Ат чабышка кошулган,
Аргымактар жүгүрөт.
Шамал менен жарышып,
Кош аяктап түйүлөт.

Кой кайтарган чобурдун,
Кашаң болот басыгы.
Койду ээрчип илээлеп,
Көнүп алган жазыгы.

Жалкоолукка үйрөнгөн
Тарпаң ат дейт мындайды.
Адам эмес малдан да,
Жалкоо чыгат турбайбы.

Жорто жүрүш аталат,
Аттын доңк-доңк желгени.
Текиреӊ, таскак дегени,
Секире чуркап бергени.

Оӊ жана сол буттарын,
Чайпала теӊ таштаса.
Жонунда суу төгүлгүс,
Жорго болот таптаза.

Ылдамыраак басыштан,
Жорго жүрүш – шайбыр.
Жүрүшү бар жылкынын,
Дагы-дагы ар кыл.

## ЖЫЛКЫНЫН АТАЛЫШЫ

Өңү менен жылкынын,
Өзүн атайт элде.
Саргыч кызыл жылкыны,
Атап коёт – жээрде.

Жээрденин жал-куйругу,
Агыш болуп көрүнсө.
Түстүн мындай айкашын,
Чабдар ат дейт көбүнчө.

Аласы бар жээрде ат,
Сарала деп айтылат.
Маңдайында ак болсо,
Кашка ат көзгө тартылат.

Ак түстөгү жылкыны,
Кызыл ат деп коюшат.
Өңү агыш боз болсо,
Акбоз аттар болушат.

Куйрук, жалы карарган,
Кызгылт күрөң – тору.
Чаар деген жылкынын,
Ала темгил жону.

Кара түстүн агышы,
Кара тору ат – карагер.
Атты саргыч бозомтук,
Эл ичинде кула дээр.

Өңү көгүш боз болсо,
Буурул жылкы деп коёт.
Төрт түлүккө карата.
Мындай атоо көп болот.



## МАЛ БАЙЛАГАН ЖИПТЕР

Мурдун тешип төөнүн,
Жип өткөрүп буйлалайт.
Кемээчтесе жылкыны,
Така урса да туйлабайт.

Уйдун көзөп мурдун,
Жыгач чүлүк тагат.
Муруntук жип байлап,
Жетелеп да алат.

Козу-улакты байлаган,
Жиптин аты – көгөн.
Нокто жиби – чылбыр,
Тизгиндүүсү – жүгөн.


## МАЛЧЫ

Малды багып бапестеп,
Күндө тарткан азабын.
Биле жүр мындай кесипти,
“Малчы” дешип атаарын.

Мал түрүнө жараша
Кой баккан киши – койчу,
Же болбосо – чабан.
Мунун түпкү мааниси:
Кой баккан адам – койчуман.
Чечмеленет ушундай
Эчкичи, төөчү, жылкычы,
Топозчу менен уйчуман.

Көк чыккан кез жазында,
Жазгы жайыт – жаздоо.
Жайлоону билет баары,
Кышкы кошун – кыштоо.

Малдын сырын билишкен
Адистер болот – малчы.
Алардын башкы куралы –
Таяк менен камчы.



## ТӨРТ ТҮЛҮКТҮН БАЛДАРЫ

Төөнүн баласы – бото,
Энеси жокто боздогон ошо.
Жылкынын баласы – кулун,
Куйрук, жалы болот мунун.
Уйдун баласы – музоо,
Сайгак тийсе азоо.
Топоздун баласы – мамалак,
Тоодо жүрөт сабалап.
Койдун баласы – козу,

Жаныбарлардын жоошу.
Эчкинин баласы – улак,
Так секирип, серендеп турат.
Аркардын баласы – козуга,
Ай айланбай отугат.



## БОТО

“Бытыкыйым, кичинем”, –
Эркелеткен деп энем.
Төө баласы ботомун,
Тикенден башка жебеген.
Козу менен улакка,
Жашым менен теңелем.



## КУЛУН

Тикчийтип кош кулагым,
Туулаар замат турамын.
Текиреңдеп тез эле,
Телчип, оюн курамын.
Урпагы деп тулпардын,
Урматталган убагым.



## МУЗОО

Айланчыктап короону,
Үйдөн алыс баспаган.
Жай келгенде сайгактап,
Көлөкөлөп жатпаган.
Уй баласы музоомун,
Жоош деп баары мактаган.



## МАМАЛАК

Ача туяк болсом да,
Аска зоону аралап.
Тоолуу жерди мекендеп,
Томпоңдогон сабалап.
Мойнум кыска, башым чоң,
Мен топоздун мамалак.



## КОЗУ

Уктап калып кээде мен,
Карагандын түбүнө.
Элтең-элтең жүгүрүп,
Энемди издейм күйүгө.
Башты чайкап көргөндөр,
Шылдың кылып күлүшөт.
Төрт түлүктүн момуну,
Козу экен деп жүрүшөт.



## УЛАК

Так-так-так секирип,
Жар башында ойногон.
Тал-теректин кабыгын,
Мүлжүп жанын койбогон.
Текирендеп тоо-ташты,
Түз жер сымал жойлогон.
Эрменге өч эчкинин,
Эрке улагы мен болом.

# МАЗМУНУ

Төрт түлүк ............ 3
Пирлери ............ 4
Күлүгү, күчтүүсү ............ 4
Төрт түлүктүн өзгөчөлүгү ............ 5
Тубары, субайы ............ 6
Төө ............ 7
Жылкы ............ 10
Уй ............ 12
Топоз ............ 14
Кой ............ 15
Эчки ............ 17
Жүнү ............ 19
Сүтү ............ 21
Териси ............ 23
Эти ............ 25
Сөөгү ............ 27
Малдын туягы ............ 28
Кепшөөчүлөр ............ 29
Малдын жашы ............ 30
Малдын тили ............ 31
Малдын мүйүзү ............ 32
Күч унаа ............ 33
Малдын кыгы ............ 35
Малга эн салуу ............ 36
Жылкынын жүрүшү ............ 37
Жылкынын аталышы ............ 39
Мал байлаган жиптер ............ 41
Айдаганда дейт экен ............ 42
Чакырганда дейт экен ............ 43
Малчы ............ 44



**КАДЫРОВ ЫСМАЙЫЛ**

1951-ж. туулган. 1977-ж. КМУнун механика-математика факультетин бүткөн. 1977–2000-ж. Кыргыз Совет энциклопедиясынын Башкы редакциясында (азыр Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору) илимий редактор, улук илимий редактор, жетектөөчү редактор болуп иштеген. 2000-жылдан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратында референт, эксперт, 2004-жылдан сектор башчысы болуп эмгектенет. Балдар үчүн 1998-ж. «Түстөн чыккан түркүн сөз», 2002-ж. «Чымчым аңгемелер, чырылдаган ойлор», 2008-ж. “Сандар санаты”, 2010-ж. “Тамга сандык, сөз куржун” деген китептери жарык көргөн. КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер, Кыргызстан Улуттук жазуучулар союзунун Тоголок Молдо атындагы балдар адабияты сыйлыгынын лауреаты.